**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**« 13 »-февраль 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги V сессия**

**ТОКТОМ** **№ 11** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарынын аймагындагы жеке менчик жер тилкесинин укуктук зонасын өзгөртүү жөнүндө**

Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 04.02.2025-жылдагы №01-18/547 сандуу каты жана ага тиркелген иш кагаздары Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын 11.02.2025-жылдагы отурумунда каралып, Жалал-Абад шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелеринин негизинде, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарынын Д.Малашов көчөсүнүн №48/1 дарегинде жайгашкан Э.Токтошевге таандык жалпы аянты 1130,0 чарчы метр болгон жеке менчик жер тилкесин “Ж-1” укуктук зонадан “Ц-2” укуктук зонасына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Жалал-Абад шаарынын мэриясына, Жалал-Абад шаардык архитектура жана шаар куруу башкармалыгына, КР Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Жалал-Абад филиалына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде 2006-жылы кабыл алынган “Жалал-Абад шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелерине” өзгөртүү киргизип, мыйзам чегинде иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (О.Эшенкулов) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **О.Т.Турдубеков**